# Бышыктооч. Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр



Мугалим: Рыскелдиева А.З.

# Бышыктооч. Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр

| № | Сөз түркүмдөрү | Мисалдары | Суроолору |
|---|---|---|---|
| 1. | Зат атооч | Биз театрдан “Айчүрөк” операсын көрдүк. | Кайдан көрдүк?- театрдан |
| 2. | Сын атооч | Чыңгыз кыргыз тилди жакшы үйрөндү. | Кандай үйрөндү? - жакшы |
| 3. | Сан атооч | Билбеген балдар мындан мурун беш жолу калган. | Канча калган? - беш жолу |
| 4. | Тактооч | Мындан ары окубагандар күндө калат. | Качан? Калат- күндө |

# Сын-сыпат бышыктооч. Ар түрдүү маанилерди билдириши

| № | Маанилери | Мисалы |
|---|---|---|
| 6. | Кыймыл -аракеттин сапаттык белгилерин, анын кандай деңгээлде ишке ашкандыгын билдирет. | Коңгүроо болгондо кыйкырган бойдон чуркап кетти. |

## Сын-сыпат бышыктооч. Ар түрдүү маанилерди билдириши

| № | Маанилери | Мисалы |
|---|---|---|
| 1. | Кыймыл -аракеттин окуя менен бир мезгилде болуп жаткандыгын билдирет. | Сабактан кийин калбаш үчүн дайыма жоопкерчиликтүү түрдө болуш керек. Кыздар бүгүн жакшынакай кийиништи. |
| 2. | Кыймыл -аракеттин мүнөздүк белгисин, кокусунан, аргасыз шарта болгондугун билдирет. | Эл *күлсө, аргасыздан жылмайды*. Каникул келсе экен деп, ак эткенден так этип күтүп жатты. |
| 3. | Кыймыл -аракеттин ишке ашышын же учурдагы абалга баа берилет . | Мени сурубаса экен деп, билинер-билинбес калтырап турду. |
| 4. | Кыймыл –аракетти салыштыруу , окшоштуруу, айырмалоо сыяктуу белгилерин билдирет. | Класста улакча ойноду. |
| 5. | Кыймыл –аракетти кандайдыр бир нерсеге, жагдайга туура келүүсүн, ошол абалга, шартка жараша болот. | Оозуна талкан сугунгансып туруп калды. |

# Сын-сыпат бышыктооч

Сүйлөм тутумунда кыймыл-аракеттин ишке ашышынын түрдүү абалын, жөнүн, мүнөзүн, сыпатын билдирүүчү мүчө сын-сыпат бышыктооч аталат.

Мисалы:
Ал тез айтып жатты

Кандай?, кантип?, кандайча?

Мисалы: Алаканын шак коюп, Барсбек ордунан турду.
Ал оюнда кыялдангандай болуп отура берет.

# Себеп бышыктооч. Ар түрдүү маанилерди билдириши

| № | Маанилери | Мисалы |
|---|---|---|
| 1. | -ган+дан, -ган+ы+нан, -ган+дык+тан булардын өзгөргөн варианттары менен бирге атоочтуктар бышыктоочтун милдетин аткарып, кыймыл –аракет билдирген натыйжанын чыгышын, пайда болуш себебин билдирет. | Жамгырда **үшүгөнүнөн** класста тумчуланып кийинип отурду. |
| 2. | Чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү жалганып айтылган боорукердитк, кара мүртөздүк, берешендик, кедейлик, ачкалык, токчулук сыяктуу абстрактуу зат атоочтор да бышыктоочту билдирет. | Кара мүртөздүктөн жакын санаалаш достордон айрылдым. Жалкоолуктан сабактан кийин күндө кала турган болдум. |
| 3. | Үчүн, себептүү деген сөздөр тизмектеле айтылган зат атоочтор жана атоочтуктар аткарат. | Бул иш үчүн атам мени көп кыйнады. |
| 4. | -ып, -бай мүчөлөрү аркылуу жасалган чакчылдар жана ушул эле чакчылдар аркылуу уюшулган ажырагыс сөз тизмектери аткарат. | Сабатсыздыктан сабактан кийин күндө кала турган болду. Тапшырманы аткара албай сабактан кийин кундө кала турган болду. |
| 5. | Тактоочтук мааниде колдонулган аргасыздан, айласыздан, амалсыздан деген сөздөр этиштик бюаяндооч менен айкашып, бышыктоочтук милдетти аткарат. | Бизди кыргыз тилден кыйнагандыктан, аргасыздан жаттадым. Бизге катуу сөз айтылгандыктан, ата-энебизге чейин билдирилгендиктен, чейреккке таасир этекндиктен, айласыздан сабактан кийин какла баштадым. |

## Себеп бышыктооч

Сүйлөм тутумунда кыймыл-аракеттин болушун, анын орундалышынын себебин билдирген айкындооч мүчө себеп бышыктооч аталат.

Эмне үчүн?, эмнеликтен?, эмне себептүү?

Мисалы:
Ал кыз **уялганынан** кара көк болуп кызарып кетти.

Мисалы: **Шашканымдан** калп айта албай калдым

# Мезгил бышыктооч. Ар түрдүү маанилерди билдириши

| № | Маанилери | Мисалы |
|---|---|---|
| 1. | Эми ишке киришесиңби? | Кечээ сабактан кийин үгө кетишкен жок. |
| 2. | Көз ачып-жумганча аттан кулап кетти. | Керелден кечке чейин үйдө отурат. |
| 3. | Бала кезден бери эле ушундай адаты бар. | Сабак саат сегизде башталат. |
| 4. | Кара мүртөз адам дайыма сүйкүмсүз. | |

# Мезгил бышыктооч

Сүйлөм тутумунда кыймыл-аракеттин , окуянын , кубулуштун болгон, болуп жаткан жана боло  турган мезгилин билдирген айкындооч мүчө мезгил бышыктооч аталат.

Качан?, качантан бери?, качанга чейин?, кайсы убакта

Мисалы:
Айылдан эрте чыгабыз, шаарга түш оой жетип келебиз.

Мисалы: Ошол мезгилде ызы-чуу үн угулду.

**Орун бышыктооч. Ар түрдүү маанилерди билдириши**

| № | Маанилери | Мисалы |
|---|---|---|
| 1. | Жасалгалуу жакшы үйгө конокторду киригизген. | Ал бир көрүнсө Бишкекетен көрүнөт. |
| 2. | Алар эми Чыңгыздыкынан кетишти. | Баарыбыз Кытайдан окуйбуз. |
| 3. | Аянтта майрам сайын иш-чара болот. | Алдыда дайыма Мадина ойлонуп отурат. |
| 4. | Мектептини жанында дайыма Эрболдун велосипеди турат. | Даярданып алыптырсың, кайда барпмак элең? |

# Орун бышыктооч

Сүйлөм тутумунда кыймыл-аракеттин ал-абалдын багытталган ордун билдирүүчү айкындооч мүчөорун бышыктооч  аталат.

Мисалы:
Алым чуркаган бойдон дарбазага жөнөдү.

Кайда?

Мисалы: Чыгыш Памирде жайында күн салкын.